Бекитилсин
КР ББжИМ 2021-жылдын
«25» февралындагы
№ 173/1 буйругу

**Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарынын сапатын камсыздоонун ички системасы жөнүндө**

# ТИПТҮҮ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарынын сапатын камсыздоонун ички системасы жөнүндө Типтүү жобо (мындан ары - Жобо) башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын (мындан ары – БУ) билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгүн жөнгө салуу максатында иштелип чыкты.

2. Жобо БУнун билим берүү, финансылык, өндүрүштүк, аналитикалык, изилдөөчүлүк, инновациялык, эл аралык жана башка ишмердүүлүгүндө сапатты камсыздоонун ички системасынын (мындан ары - СКИС) максаттарын, милдеттерин, принциптерин, процесстерин жана күтүлүүчү натыйжаларды аныктайт.

3. Бул Жободо төмөнкү түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

– баалоо - пландын аткарылышынын даражасын жана сапатын аныктоо максатында өткөрүүнүн конкреттүү мөөнөтү менен жол-жобо, БУнун процесстерин талдайт жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берет;

– билим берүүнүн сапатын камсыздоо - белгиленген талаптарга ылайык келүүчү квалификацияны же окутуунун натыйжаларын калыптандыруунун сапатына багытталган системалуу жана ырааттуу процесс;

– билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты - БУнун окумуштуулар же педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана пландалган мезгилдик процедуралардын (иш-аракеттердин) жыйындысы, аларды ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга алып келет;

– ички баалоо - БУнун ишмердүүлүгүнүн белгиленген талаптарга ылайык келүүсүнө өзүн-өзү баалоо процесси;

– кызыкдар тараптар - билим берүүнүн жогорку сапатына кызыкдар болгон мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим алуучулар (студенттер), алардын ата-энелери, билим берүү уюму, иш берүүчүлөр, социалдык өнөктөштөр;

– мониторинг - БУнун ишмердүүлүгүнүн сапатынын реалдуу абалына, процесстердин абалын жана жетишилген натыйжаларды БУнун планы менен салыштыруу максатында маалыматтарды чогултуу аркылуу процесстерди ишке ашыруунун жүрүшүнө системалуу жана туруктуу байкоо жүргүзүү;

– процесс - БУнун ишмердүүлүгүнүн өз ара байланыштуу жана өз ара аракеттенүүчү түрлөрүнүн жыйындысы, ал кызыкдар тараптардын

талаптарына ылайык келүүчү кирүүлөрдү (ресурстарды) натыйжаларга (чыгууларга) айландырат;

– сапат - БУнун окутуунун натыйжаларынын кызыкдар тараптардын белгиленген талаптарына ылайык келүүсү;

– сапат боюнча колдонмо - БУнун ишмердүүлүгүн пландоо жана башкаруу үчүн арналган, билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү СКИСтин документтештирилген процедураларын камтыган же шилтеме кылуучу БУнун сапатты камсыздоонун ички системасын баяндоочу документ;

– сапат боюнча комиссия/кеңеш - БУнун ишмердүүлүгүнүн сапатын ички жана тышкы баалоо үчүн түзүлүүчү айрым кызматкерлердин жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн бирикмеси;

– сапат маданияты - билим берүүнүн сапатын камсыздоо максатында БУнун кызыкдар тараптары тарабынан БУнун ишмердүүлүгүнүн бардык деңгээлинде калыптануучу жана колдолуучу БУдагы жүрүм-турум баалуулуктары жана башкаруу эрежелери;

– стратегиялык пландоо - өзү менен уюмдун максаттарын тандоо процессин жана аларга жетишүү жолдорун билдирүүчү БУну башкаруунун функцияларынын бири;

– өзгөртүүлөрдү башкаруу – бул кызыкдар тараптардын дайыма өзгөрүп туруучу тышкы жана ички керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн БУнун стратегиясын, түзүмүн, ресурстарын, процесстерин, натыйжаларын жана мүмкүнчүлүктөрүн дайыма жаңылап туруу процесси;

ISO – International Organization for Standardization/Стандартташтыруу боюнча эл аралык уюм.

EFQM – European Foundation for Quality Management/Сапатты башкаруу Европа фонду.

WFME –World Federation for Medical Education/Дүйнөлүк медициналык билим берүү федерациясы.

EUR-ACE Label – EURopean- ACcredited Engineer/ Инженердик билим берүүнүн Европалык сапат белгиси.

CDIO – Conceive-Design-Implement-Operate/ Ойло - Долбоорло – Ишке ашыр – Башкар – Инженердик билим берүү үчүн эл аралык стандарттар.

## 2. СКИСтин максаттары жана милдеттери

4. СКИСтин максаты болуп кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык билим берүү кызматтарынын сапатын туруктуу жакшыртууну жана БУнун туруктуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүнү камсыздоо саналат.

5. БУнун СКИСинин милдеттери:

- БУнун билим берүүнүн сапатын камсыздоо (мындан ары – СК) саясатын аныктоо жана ишке ашыруу;
- БУнун билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча саясатын ишке ашыруудагы процесстердин өз ара байланыш системасын орнотуу;

- кызыкдар тараптардын белгиленген керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүүнүн натыйжасынын сапаты жөнүндө маалыматтарды топтоо, талдоо жана баалоо механизмдерин орнотуу.

## 2. СКИСтин принциптери, күтүлүүчү натыйжалары жана этаптары

6. СКИС төмөнкү принциптерге негизделет:

- процесстерди пландоонун жана ишке ашыруунун, аларга мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун системдүү, үзгүлтүксүз, ырааттуу, туруктуу болуусу;
- кызыкдар тараптар үчүн маалыматтын так, ачык-айкын болуусу;
- чечим кабыл алуунун калыстыгы, объективдүүлүгү, коллегиалдуулугу;
- башкаруунун бардык деңгээлиндеги жана ишмердүүлүктүн этаптарында катышуу, жоопкерчилик, кесипкөйлүк жана отчеттуулук.

7. СКИСти ишке киргизүү жана ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар:

- БУнун миссиясы, стратегиялык максаттары, сапатты камсыздоо саясаты аныкталды;
- БУнун сапатты камсыздоо боюнча түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, жооптуу адамдардын жана кызыкдар тараптардын өз ара аракеттенүүсүнүн схемасы иштелип чыкты;
- БУнун ишмердүүлүгүндөгү негизги жана колдоочу (көмөкчү) процесстер аныкталды;
- БУнун ишмердүүлүгүнө мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүү боюнча иш системалаштырылды;
- өзгөрүүлөрдү башкаруу процесси ишке ашырылды: талдоо жана баалоонун жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жокко чыгаруу боюнча чаралар көрүлдү;
- БУда сапат маданияты калыптанды жана өнүгүүдө;
- эркин жана ачык окутуу чөйрөсүндө окутуучулардын билим алуучулар менен өнөктөштүгү аркылуу окутуудагы инсанга багытталган мамиле ишке ашырылды;
- БУнун билим берүү, изилдөөчүлүк, финансылык, өндүрүштүк, аналитикалык, инновациялык, эл аралык жана башка ишмердүүлүгү жакшыртылды;
- БУнун материалдык, интеллектуалдык, адам ресурстары жана башка ресурстары жакшыртылды;
- документтештирилген СКИС системасы орнотулду жана иштөөдө;

- сапатты камсыздоо саясаты, окутуунун натыйжаларынын сапаты жана БУнун сапатын жакшыртуу боюнча пландар жөнүндө маалымат ачык түрдө жеткиликтүү.

8. СКИСтин аракеттери БУ көрсөтүүчү билим берүү кызматтарынын бардык этабына жайылтылат, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн баштапкы аныктоодон аларды окутуунун натыйжалары менен канааттандырганга чейин.

9. СКИС төрт кадамдын негизинде ишке ашырылат:

- пландоо (максаттарды коюу жана процесстерди белгилөө, БУнун максаттарына жетүү үчүн керектүү ресурстарды аныктоо);
- БУнун пландарын аткаруу;
- жетишилген натыйжаларды баалоо;
- натыйжаларды жакшыртуу.

## 4. СКИСти уюштуруу

10. СКИС кызматкерлерди БУнун стратегиялык максаттарына жетишүүгө багыттоочу, процесстердин классификациясына жана баяндамасына ылайык БУнун жалпы ишмердүүлүгүн пландоону жана ишке ашырууну кароочу процесстик мамиленин негизинде ишке ашырылат.

11. БУда сапатты камсыздоо боюнча түзүмдүк бөлүм иш алып барышы керек. СК боюнча түзүмдүк бөлүмдү түзүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда БУ жооптуу адамды аныктайт. Түзүмдүк бөлүм/жооптуу адам Окумуштуулар/педагогикалык кеңештин чечими менен түзүлөт, БУнун жетекчисинин буйругу менен бекитилет жана БУнун жетекчисине түздөн-түз баш ийет. Түзүмдүк бөлүм/жооптуу адам өзүнүн ишмердүүлүгүн БУнун бекитилген стратегиялык планына жана окуу жылына карата планына ылайык ишке ашырат.

12. СК боюнча түзүмдүк бөлүмдүн/жооптуу адамдын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- БУнун ишмердүүлүгүнүн бардык багытын жакшыртуу боюнча БУнун планын ишке ашырууну координациялоо;
- сапатты камсыздоонун принциптерин, критерийлерин жана ыкмаларын белгилөө;
- процесстердин натыйжалуулугуна, мониторинг жана баалоонун натыйжаларынын негизинде туруктуу жакшыртууга жетишүү үчүн аларды башкаруу;
- окутуунун натыйжаларынын сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү;
- БУнун билим берүү сапатын камсыздоо саясаты, окутуунун натыйжаларынын сапатына жүргүзүлгөн мониторинг жана баалоонун натыйжалары, сапатты жакшыртуу боюнча пландар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө кызыкдар тараптарга маалымат берүү.

13. СКИС боюнча түзүмдүк бөлүмдүн/жооптуу адамдын функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

13.1. аныктоо:

- БУнун ишмердүүлүгүндөгү процесстерди (негизги, колдоочу/көмөкчү) жана алардын өз ара аракеттенүүсүн;
- түзүмдүк бөлүмдөрдү, кызматкерлерди жана процесстерди ишке ашыруу боюнча алардын функционалдык өз ара аракеттенүүсүн;
- процесстердин жана аларды ишке ашыруучу жооптуу адамдардын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн/индикаторлорун жана критерийлерин;
- процесстерди ишке ашыруу жана күтүлүүчү натыйжаларга жетишүү үчүн ресурстарды;

13.2. БУнун билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүү;

13.3. БУнун стратегиялык максаттарга жетишүүдөгү ресурстарды, процесстерди колдонуунун натыйжалуулугуна мезгил-мезгили менен мониторинг жана баалоо жүргүзүү;

13.4. БУнун процесстерин жакшыртуу, уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуу, түзүмдүк бөлүмдөр менен кызматкерлердин функционалдык өз ара аракеттенүүсүн оптимизациялоо, ресурстарды оптималдуу колдонуу боюнча, ошондой эле башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

13.5. БУнун процесстеринин сапаты, күтүлгөн жана жетишилген натыйжалары жөнүндө отчетту жакшыртуу боюнча сунуштар менен түзүү;

13.6. кызыкдар тараптарга сапатты камсыздоо саясатын, отчетту жана БУнун ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоонун жыйынтыгы боюнча бекитилген жакшыртуу боюнча планды берүү.

14. БУ СК боюнча түзүмдүк бөлүмдүн/жооптуу адамдын кошумча функциясын аныктай алат.

15. БУ ишмердүүлүктүн тиешелүү багыттары боюнча планга ылайык жыл сайын өзүнүн ички баалоосун жүргүзөт. Ички баалоо жөнүндө даярдалган отчет сунуштарды иштеп чыгуунун жана жакшыртуу боюнча чараларды көрүү үчүн БУнун жетекчилиги үчүн негиз болуп саналат жана зарыл болгон учурда тышкы баалоо үчүн колдонулат.

16. БУ ишмердүүлүгүнүн сапатын ички баалоо жана СКИС маселелери боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн зарылчылыкка жараша сапат боюнча комиссия/кеңеш түзө алат. Сапат боюнча комиссиянын/кеңештин курамы жана анын иштөө тартиби БУ тарабынан СКИСтин принциптеринин негизинде аныкталат.

17. СКИС маселелери боюнча чечимдер БУнун Окумуштуулар/педагогикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат. СК боюнча түзүмдүк бөлүм/жооптуу адам ички баалоонун жыйынтыктары жөнүндө материалдарды, анын ичинде сапат боюнча комиссиянын/кеңештин тыянактарын жана сунуштарын эске алуу менен жылдык отчетту

Окумуштуулар/педагогикалык кеңештин кароосуна даярдайт. БУну баалоо жөнүндө жылдык отчет баалоонун натыйжаларын жана БУнун билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу боюнча пландарын камтыйт.

18. БУнун сапатты камсыздоо саясаты жана СКИСнин натыйжалары коомчулук үчүн ачык жана жеткиликтүү болуп саналат. СК боюнча түзүмдүк бөлүм/жооптуу адам Окумуштуулар/педагогикалык кеңеш тарабынан жактырылган БУнун Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын, мониторинг жана баалоонун натыйжаларын, БУну баалоо жөнүндө жылдык отчетту, БУнун окутуунун натыйжаларынын сапатын жакшыртуу боюнча пландарын жана көргөн чараларын БУнун сайтында жарыялайт.

19. БУ СКИСтин документтештирилген системасын белгиленген тартипте иштеп чыгып, бекитиши керек, ал өзүнө түзүмдүк бөлүмдөр жана процесстер, кызматтык нускамалар ж.б. жөнүндө уюштуруучулук-тескөөчү документтерди камтыйт (Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты, сапат боюнча колдонмо, жоболор, тартип, нускамалар ж.б.). БУнун СКИСнин документтештирилген системасы зарылчылыкка жараша КР Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларына ылайык жаңыланып турушу керек.

20. БУнун ушул Жобонун шарттарын камсыздоо максатында сарпталган бардык чыгымдары анын өздүк каражаттарынын эсебинен жабылат. БУлар бюджетти СКИСтин милдеттүү процедураларын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жетиштүү болгон деңгээлде пландашат.

21. БУлар СКИСти сапатты камсыздоо үчүн эл аралык стандарттардын жана колдонмолордун негизинде иштеп чыгып, ишке киргизе алат (ISO, EFQM, WFME, EUR-ACE Label, CDIO ж.б).